КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН
МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э. АЛИЕВ АТЫНДАГЫ
АКАДЕМИЯСЫ



# *“НАРКТУУ КООМ - УЛУТТУН ЖҮЗҮ”*
# *ЖАШТАР ФОРУМУ*

ЭЛ АРАЛЫК
ТОЛЕРАНТТУУЛУК
ҮЧҮН ФОНДУ

***БИШКЕК - 2024***



**Жапаров Садыр Нургожоевич**
**Кыргыз Республикасынын Президенти**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

2022-жылдын 30-августу ПЖ № 303

**2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны бекитүү тууралуу**

Улуттук нарк - элдин руханий маданиятынын курамдык бөлүгү, ал өзгөчө идеялардын жана туруктуу элдик эрежелердин негизинде калыптанат. Алар элдин маданиятынын негизин түзүүчү фактор болуп саналат, анткени эзелки замандан башталып, муундан муунга өтүп келген. Улуттук нарк - ааламдашуу менен санариптештирүүгө карабастан, кадыр-баркты жана ар-намысты, айкөлдүктү жана адилеттүүлүктү, абийирди, боорукердикти сактаган жана талыкпай эмгектенген көчмөн жоокердин улуу мыйзамы.

Нарк элдин бүткүл өнүгүү тарыхында өзгөрүп, адеп-ахлак менен толукталып жана байытылып, жаңы мазмунга ээ болууда, алардын айрымдары өз актуалдуулугун жоготууда, жашоо-турмуштун мүнөзүн аныктоо менен өзүн-өзү билүү маданиятын калыптандырууда, жашоонун маңызы жана улуттук баалуулуктардын таберик символуна айланып, элдин жок болуп кетүүсүн алдын алууда.

Кыргыздар мамлекеттин өнүгүшүнүн негизи болгон улуттук нарк аркылуу кылымдар бою кошуна элдер менен жанаша жашап, тарыхтын тереңинде жок

болуп же башка элдерге сиңип кеткен эмес, атын жоготпой, тарыхта өз изин калтырды.

Кандайдыр бир деңгээлде учур талабына ылайык деген башка маданияттар жана ишенимдер да өз таасирин тийгизбей койгон жок, ошондой болсо да бул процесс убактылуу мүнөзгө ээ жана кыска убакыттын ичинде аягына чыгарын эстен чыгарбоого тийишпиз.

Маданияттардын ассимиляциясы, өзүнчөлүүлүктүн жоголушу тарыхтын белгилүү бир мезгилдеринде улуу империяларды жана кайталангыс маданиятты жараткан улуттук баалуулуктарды жоготууга алып келет.

Өлкөбүздү өнүктүрүү үчүн биз руханий жактан өнүккөн, билим деңгээли жогору, элибиздин тарыхын мыкты билген, башка элдердин наркын, үй-бүлөлүк баалуулуктарын жана ишенимдерин сыйлаган, этностор аралык мамилелерди урматтаган, башка тилдерди билген, тышкы жана ички чакырыктарга туруктуу болгон кыргызстандык жаранды тарбиялашыбыз керек.

Түзүлгөн кырдаалды жана коомдун руханий деградация болуусунун көйгөйлөрүн чечүү үчүн түшүндүрүү жана тарбиялоо иштерин системалуу жүргүзүү талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20, 21, 71-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы №157 "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында **токтом кылам:**

1. 2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программа (мындан ары - Улуттук программа) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 25ине чейин Улуттук программаны аткаруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*“Эркин-Тоо” газетасынын 2022-жылдын 6-сентябрында № 80(3415) жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

# ФОРУМДУН АЧЫЛЫШЫ



**Абитов Тариель Таштанович**
**Кыргыз Республикасынын ИИМдин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясынын башчысы, милициянын генерал-майору**

Саламатсыздарбы урматтуу коноктор! Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын жалпы жамаатынын атынан **"Нарктуу коом-улуттун жүзү"** аттуу форумга келип бергенинüздерге чын дилимден ыраазычылыгымды билдирем.

Улуттук нарк кылымдар бою мезгил сынынан өтүп, заман талабына жараша улам толукталып, улам бекемделип жүрүп отурган. Тээ Манас атанын доорунда эле жаралып, азыркы учурга чейин өз маанисин жоготпой келе жаткан “Кан бийлигинен калкы күткөн нар күчтүү”, “Эрден өтмөк бар – элден өтмөк жок” деген өңдүү накыл сөздөр улуттук нарк-насилдин таасири эң жогорку деңгээлге чейин көтөрүлгөнүн көрсөтүп турат.

Кыргыз эли этнос болуп калыптангандан бери ар кандай кыйын жолдорду басып отуруп, улутту улут катары тааныта турган өзгөчөлүктөрүнөн, улуттук баалуулуктарынан убактылуу четтетилип, ар кандай кысымдарга да учурап келген. А бирок тээ ата – бабалардан бери келе жаткан, элдин аң-сезимине, кан-жанына сиңип калган улуттук касиеттерди түп тамырынан жулуп, элден биротоло ажыратып салуу албетте мүмкүн эмес. Анткени, улуттук өзгөчөлүктөр улуттун жүрөгүндө, рух дүйнөсүндө дайыма жашап, ыңгайлуу шарт келгенче элдин аң – сезиминде сакталып кала берген. Анын сыңары элди ар тараптан кысымга алып, өзүнүн идеологиясын жүргүзгөн советтик доордун күнү бүткөндөн кийин, ар бир улут, ар бир эл тарыхтан өз түп башатын издеп, улуттук баалуулуктарына маани бере баштады.

Ааламдашуу жана жаңы технологиялар шартында улуттук өзгөчөлүктү сактоо жана өнүктүрүү, мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк принциптерине негизделген салттуу коомду түзүү биз үчүн эң маанилүү милдет.

Өз элин сүйгөн, анын бакубат келечегине ишенген, ички дүйнөсү бай, турмуш каатчылыгына туруштук бере алган уул-кыздарды тарбиялап, аларга өткөндү мактап, кылган иштерди даңазалап, тарых барактарына кайра-кайра көчүрүп жазып, эскини эстетип, келечекке кам көрүү мезгили келди.

Ар бир улут, ар бир эл өзүн кылымдардан кылымга улут катары, эл катары сактап кала бериши үчүн тарыхтан өзүнүн түп башатын издеп, улуттук өзгөчөлүктөрүнө баа берип, коргой билиши керек. Азыркы рынок жана ааламдашуу мезгилинде руханий байлыктан да материалдык байлыкты баалагандар, өз этномаданиятыбызды чанып, чет элдин маданиятын туурагандар көбөйүп бараткан коомубузда улут жана улуттук маданий өзгөчөлүктөр тууралуу маселелер абдан актуалдуу болуп жатат десек жаңылышпайбыз.

Демек, мамлекет башчыбыздын көрсөтмөсү менен башталган нарк багытына баарыбыз жапа тырмак биригип, элибиздин кылымдардан бери келе жаткан рухий мурасы катары саналып, башка улуттардан айрымалап, турмушубузга көрк берип, жаш жеткинчектерди тарбиялоодо өз салымын кошуп келе жаткан улуттук наркыбыз тууралуу уюштурулган бул иш-чара улут коопсуздугун камсыздоого аз да болсо салымын кошот деп ишенем.





**Касманбетов Сүйүнбек Сапарбекович**
**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы**

**Билими бар минди жыгат, билими жок кимди жыгат**

Кезинде улуу ойчул Папандреу минтип айткан экен: "Өлкөң бай болуп, элиң билимсиз болсо – жаман. Өлкөң бай болуп, элиң билимдүү болсо – жакшы. Өлкөң жарды болуп, элиң билимдүү болсо – ага деле чыдоого болот. Ал эми өлкөң жарды болуп, элиң билимсиз болсо – андан өткөн кордук жок!". Калетсиз сөз. Андыктан ар бир кыргыз жараны жеке өзүнүн акыл-парасат деңгээлин көтөрүү аракетин токтоосуздан жасашы керек.

Дагы бир мисал. Түштүк Африканын эң ири окуу жайларынын бири Стелленбосс университетинин кире беришиндеги тактада минтип жазылган экен: "Тигил же бул улутту жок кылуу үчүн атом бомбасы менен сокку уруунун кажети деле жок. Болгону, билим берүүнүн сапатын жоготуу эле жетиштүү. Дал ушундай жол менен окууну бүткөн дарыгерлердин колунан бейтаптар ажал табат. Дал ушундай инженерлер курган имараттар кыйроого учурайт. Дал ушундай экономисттердин айынан казына толбойт. Дал ушундай соттор адилет чечим чыгара албайт. Ошентип, билим берүү тармагынын кыйрашы эле улуттун жоголушуна алып келет!". Кандай гана таасын сөз! Биздин өлкө билим берүүдөгү жогорудагы көрсөтүлгөн процессти өз башынан өткөрүп жатканын моюнга алышы шарт.

Бул жазуунун илингенине 82 жылдын жүзү болуптур, ошондон бери биз үчүн баштапкы маанисин жоготкон жок. Ал айрыкча Кыргызстандын билим берүү тармагынын азыркы абалын астыртадан каңкуулап тургансыйт.

Ушул тапта билим берүү тармагына өзгөчө көңүл бурула баштаганы – жакшы жөрөлгө. Кыргызстанда эң көп каражат билим берүү тармагына бөлүнөт. Ал орто эсеп менен ички дүң өнүмдүн 7 пайызын же мамлекеттик бюджеттин 23 пайызын түзөт. Мисалы, ал 2021-жылы дээрлик 40 млрд сомго чейин жетти.

Билим берүү эң ири тармак, тагыраак айтканда, ага 1 млн 600 миңден ашуун адам тартылган. Бул – зор күч. Билимдүү адам – биздин эң башкы байлыгыбыз. Ансыз ааламдашуу доорундагы адамзат болочогун элестетүү мүмкүн эмес. Алдыда эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен, билим берүүнүн алдыңкы усулдарын тездик менен өздөштүрүү, аны жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүү милдети турат.

**Жаштар – өлкөнүн башкы таянычы**

Мына ушул Оштун чеке-белиндеги Төлөйкан айылынын кулуну, таланттуу акын Жолон Мамытовдун чыгармаларын жакшы билебиз жана сүйүп окуйбуз. Өзгөчө Жолондун бир ырын окурман журт эле эмес, заманыбыздын залкар жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков такай жатка айтып жүргөнүнө күбө болгонмун: “Ата Журт кыйын күнгө кабылганда, Айлансын ар бир уулуң чагылганга!”, – деген керээз калтырыптыр маркум агабыз.

Анысы кандай, калкыбыздын 18 пайызын жаштар түзөт, башкача айтканда, бизде 14-28 жаштагы 1 млн 18 миң адам бар. Кезинде ыр түрүндөгү Жолон Мамытов ыроологон жогоруда мисал келтирген тилекти Президентибиз Садыр Жапаров дагы андан ары улап: “Жаштар – элдин үмүтү жана ишеничи. Жаштар – эң негизги жана бөксөргүс байлыгыбыз” деп баса белгилегени баарыбызга маалым.

Түрк элинин кеменгер жол башчысы, кемелине келип, баралына жетип турган Мустафа Кемал Ататүрк 1921-1927-жылдар аралыгында 17-31 жашка чейинки 11 млн улан-кызды Европанын мыкты окуу жайларына жиберген экен. Алардын алдында: “Окугула, билим алгыла, бирок кайра кайтып келип иштеп бересиңер”, - деген бир шарт коюптур. Ошентип, ал билимдүү жаштардын көмөгү менен 16 жыл аралыгында илим-билими өнүккөн жаңы Түркия мамлекетин курууга жетишти.

Мамлекеттин жаштарга өзгөчө көңүл буруп, алардын келечегине кам көрүп жатканы бекеринен эмес. Жаштар – өлкөнүн башкы таянычы. Кыргызстандын бакубат келечеги – дени сак, акылы тунук, ак-караны ажырата билген, ар-намыстуу, улууну урматтап, кичүүнү сыйлай билген жаштардын колунда. Ошондуктан, мамлекет аларга илгери үмүт байлап, зор ишеним артылууда.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров жакында “Эл үмүтү” аттуу эл аралык стипендиялардын жаңы программасын ачуу боюнча жарлыгын чыгарды. Ошентип, ал программада дүйнөнүн алдыңкы жүз университетинин магистратура жана докторантура багытына өткөн жаштарыбыз үчүн атайын стипендиялар каралды.

Ошондой эле, Президенттибиздин тапшырмасы менен Министрлер Кабинети дүйнөнүн алдыңкы университеттери менен эки тараптуу максаттуу келишимдерди иштеп чыгууга киришти. Ал окуу жайларга да биздин жигерлүү студенттер жөнөтүлөт.





**Бийбосунов Адылбек Качкынбекович**
**Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин биринчи орун басары, юридика илимдеринин кандидаты, милициянын генерал-майору**

Саламатсыздарбы урматтуу "Нарктуу коом-улуттун жүзү" аттуу форумдун катышуучулары! Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин атынан, коомдогу маанилүү темага арналган бул иш-чарада сиздер менен жолугушканыма кубанычтамын.

Кыргыздар ар дайым улутун, тилин, дилин, наркын бузбай сактап келген эл. Улуттук нарк-бизди башка улуттардан айырмалап турган эң негизги өзгөчөлүгүбүз, элдин руханий маданиятынын курамдык бөлүгү, ал өзгөчө идеялардын жана туруктуу элдик эрежелердин негизинде калыптанат. Кыргыз элинин улуттук наркы кыйыры учсуз кылымдарды, мерчеми түпсүз мезгилдерди артка таштап, келечектен үмүтүн үзбөй канат байлап, өмүр-өлүм, жашоо-тиричилик кагышып үзөңгүлөш жүргөн не бир татаал учурларды баштан өткөрүп, келечек урпактарынын камын көрүп, болочогун боолгоп келген ата-бабаларыбыздын бизге-улам кийинки муунга таберик калтырган мурасы. Улуттук нарк - мекенчилдикти, атуулдукту тарбиялоонун булагы.

Акыркы жылдары ааламдашуу, модернизация түшүнүктөрүн жашообузда көп учуратып калдык. Кыргыз эли бир нече жылдар мурун улуттук каада-салттар, улуттук оюндар, мейман күтүү, маек куруу сыяктуу салттуу маданиятка басым жасап келишсе, ал эми бүгүнкү күндө мындай көрүнүштөрдү сейрек кездештирүүгө болот. Анткени ааламдашуунун таасири менен батыштын маданияты калк арасына кирди. Ааламдашуу процессине баш ийген заманбап дүйнөдө радикалдуу маданий өзгөрүүлөр тездик менен жүрүп жатат. Эгерде алдын ала таасирдүү сактык жана коргоо чараларын көрбөсөк, цивилизациялык нарк-дөөлөттөр глобалдашуунун кубаттуу толкундары астында күм-жам болуп көмүлүп калуу коркунучу да жок эмес.

“Улуттук нарк – ааламдашуу менен санариптештирүүгө карабастан, кадыр-баркты жана ар-намысты, айкөлдүктү жана адилеттүүлүктү, абийирди, боорукердикти сактаган жана талыкпай эмгектенген көчмөн жоокердин улуу мыйзамы. Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн биз руханий жактан өнүккөн, билим

деңгээли жогору, элибиздин тарыхын мыкты билген, башка элдин наркын, үй-бүлөлүк баалуулуктарын жана ишенимдерин сыйлаган, этностор аралык мамилелерди урматтаган, башка тилдерди билген, тышкы жана ички чакырыктарга туруктуу болгон кыргызстандык жаранды тарбиялашыбыз керек», — деп жазылган улуттук программада.

Андыктан, элдик нарктуулук эрежелерин карманган, кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын билген, аны светтик баалуулуктар менен айкалыштыра алган нарктуу инсанды тарбиялоодо, руханий адеп-ахлактык тарбия берүүдө, алардын билим алуусунда билим берүү уюмдарынын, үй-бүлөнүн жана мамлекеттин күчтөрүн бириктирүү зарыл экени ачык-айкын болуп турат.

Жаш муундун интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүнө гана эмес, алардын жарандык, руханий жана маданий жактан коомдо активдүү болуусу, социалдык жоопкерчиликтүү, өзүнүн инсандык дареметин ишке ашырууга жөндөмдүү болуусуна дагы көңүл буруу керек.

Бүгүнкү күндө инсанды калыптандырууда билим берүү системасы алдыңкы орунда турарын эске алып, ар кандай билим берүү программаларын ишке ашырууда жаштардын руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Ошондуктан, бүгүнкү форум өлкөнүн эң негизги ресурсу катары салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуу, коомдун нарктуу өкүлүн жана нарктуу мамлекеттик кызматчысын калыптандырарына аз да болсо өз салымын кошоруна ишенем. Форумдун ишине ийгилик каалайм.





**Бөрүбашов Бекбосун Ишенбекович**
**Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-корреспонденти**

Саламатсыздарбы урматтуу форумдун катышуучулары! Академиянын жалпы жамаатына, элдин көкүрөгүнө уюган улуттук нарктуулукту кайра калыбына келтирүүгө багытталган мындай иш-чараны уюштуруп, өткөрүп жатканы үчүн ыраазычылык билдирем.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болуп, көз карандысыз, унитардык, демократиялык өз алдынча мамлекет катары дүйнөнүн картасынан орун алганына отуз жылдан ашты.

Элибиз өткөн мезгил ичинде өтө көп ийгиликтерге жетише алды. Алсак, жаңы глобалдык техникаларды, билим жаатында технологияларды өздөштүрдүк. Акыркы жылдары санариптештирүү жаатында бир катар маселелер чечилди, атап айтканда, товар айландыруу санариптик чөйрөгө өттү, түрдүү социалдык долбоорлор ишке киргизилди. Бирок бул башталышы гана, алдыда дагы көп иштер турат. Санариптешүү өлкөнүн социалдык турмушу үчүн гана маанилүү эмес, ал көптөгөн актуалдуу маселелерди – дүйнөлүк экономикалык жана социалдык процесстерди интеграциялоону, коррупция менен күрөшүүдө көйгөйлөрдү чечет. Албетте, өлкөбүз мезгил агымы менен кадам таштап, өнүгүүдө башка мамлекеттерден артта калып калбоосу керек. Ушундай ааламдашуу жана жаңы технологиялар шартында улуттук өзгөчөлүктү сактоого жана өнүктүрүүгө, мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк принциптерине негизделген салттуу коомду түзүүгө, салт-санаабызды, үрп-адатыбызды жандандырып, өзүбүздүн улуттук кийимдерди, каада-салттарыбызды кастарлап, нукура элдик кызыкчылыктарды көздөөгө мезгил келди.

Жаңы технологиялардын өнүгүшү менен ааламдашуунун чеңгээлине кирип, өзөгүбүздү жана тамырыбызды жоготуп албашыбыз үчүн Президентибиз С.Н.Жапаровдун жарлыгы менен кыргыз элинин турмушунда жакшы бир өзгөрүүнүн желаргысы согуп, руханий турмушунда жаңы көч башталып, нарк форумдары жети дубаныбыздын ар биринде өтүп, андан ары

нарк кербени сапарын Ички иштер министрлигинин окуу жайында улантып жатканы кубандырбай койбойт.

Азыркыдай ааламдашуу доорунда жаңы адамзат өнүгүүсүнөн четте калбай, аларды өздөштүрүү менен бирге нечендеген кылымдын сыноосунан тайгылбай өткөн улуттук өзгөчөлүгүбүздү, салт-санаабызды, руханий баалуулуктарыбызды, улуттук наркыбызды сактоо менен бул дүйнөдө өзүбүздүн татыктуу ордубузду табууга тийишпиз. Өткөндөн сабак алып, келечекке ишенимдүү кадам шилтейли.





**Бекболотов Бактыбек Асанкалиевич**
**Кыргыз Республикасынын Коргоо министри, генерал-лейтенант**

Саламатсыздарбы урматтуу бүгүнкү “Нарктуу коом-улуттун жүзү” аттуу форумдун катышуучулары! Биринчиден, бүгүнкү иш-чаранын уюштуруучуларына чын жүрөктөн ыраазычылык билдирүүгө жана ошол эле учурда катышууга мүмкүнчүлүк берген Ички иштер министрлигинин Академиясынын жетекчилигине ыраазычылык билдирүүгө уруксат этиңиздер.

Кыргыз наркы – нечен жоболоңдон сакталып, жоголуп кеткиче жомокко айланып, эненин эмчек сүтүнө сиңип, бешик башына тумар болуп тагылып, термелген сайын бешик күүсүнүн ыргагына көөшүгөн улуулук. Нарктын негизин байыркы мезгилден бери жашоо кечирип келе жаткан түпкү жана негизги калктын дүйнө таанымы, тутунган ишеними түзөт.

Республикабыздын Президенти С.Н.Жапаровдун 2022-жылдын 20-майындагы “Улуттук нарк тууралуу” Жарлыгы чыгып, аны турмушка ашыруу боюнча Нарк концепциясы иштелип чыгып, атайын улуттук программанын бекитилиши кыргыз журтунун ат көтөргүс наркын мурдагылардан өткөрүп алып, кийинкилерге өткөрүп берүү үчүн болгон аракети десек жаңылышпайбыз. Мындай жагымдуу шарт, менин оюмча бир дагы өлкөдө жок деп ойлойм. Ошондуктан, кыргызды кыргыз кылып кыл чайнаша кырчылдашкан кыйын кезеңден сууруп чыгып, бүгүнкү күнгө жеткирген кыргыз наркын, нарктуулук маданиятыбызды каймактай калпып, майдай чогултуп, жаштарыбыздан тартып улуу муунга чейин кулагына кумдай куюп, таанытуу биздин милдет.

Мына ушундай багыттагы бүгүнкү өткөрүлүп жаткан форум дүйнөлүк ар кандай чакырыктар баш көтөрүп, көптөгөн экологиялык жана техногендик коркунучтар күч алган азыркы заманда кыргыз эли өз жүзүн жоготпой, нукура улуттук салт-санаасы, улуттук нарк-насили, ата-баба табериги менен сакталып калуусуна аз да болсо салымын кошот деген ишеничтемин.

Улутка уңгу болгон ата-бабаларыбыздын мурастарын талкалап-тепселебестен аларды аздектеп, улуттук өзгөчөлүктөрүнө баа берип, коргой билишибиз керек.





**Кендирбаева Догдургүл Шаршеевна**
**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министри**

Саламатсыздарбы урматтуу, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясы уюштуруп жаткан “Нарктуу коом-улуттун жүзү” аттуу форумдун катышуучулары!

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетишип, демократиянын ачык жолуна түшкөн мезгилден тартып, өлкөдө эркин, ачык саясат жүргүзүлүп, анын натыйжасында чет өлкөлүк түрдүү уюмдар, анын ичинде радикалдык, экстремисттик диний уюмдардын идеологиясы жайылтылып, элдин калың катмарына сүңгүп кире баштады. Диний агымдар асыресе жаштарды өздөрүнө имерип, көз караштарын таңуулай башташты. Динге ашыкча фанат болуу – кыргыздын каада-салтына, улуттук наркына, иденттүүлүгүнө карама-каршы келип, өлкөбүздө диний чатактардын пайда болуу коркунучуна алып келди. 2014-жылы Коопсуздук кеңешинин чечими менен “Дин маданиятынын тарыхы” сабагын окуу программасына киргизүү маселеси каралып, 2017-жылы Өкмөттүн Токтому чыккан. Анын негизинде Кыргызстандын бардык орто билим берүүчү мектептеринде 2022-2023-окуу жылынан тарта “Дин маданиятынын тарыхы”сабагы окутула баштады.

Бул предмет заманбап илимий методикалык ыкмаларга негизделип, биздин өлкөдөгү салттуу диндер жөнүндө билим берүү, окуучулардын дүйнөнү, маданиятты жана адамдын руханий жашоосун таануусуна жардам берип, салттуу диндердин негиздерин билүү, улуттун өзүн таанууну калыптандырууда, колдоодо жана сактоодо, экстремизм идеологиясын жана сабырсыздыкты алдын алууда маанилүү ролду ойнойт. “Дин маданиятынын тарыхы” сабагы аркылуу балдарга мектепти бүткөнгө чейин эле улуттук жана диний баалуулуктар окутулуп, мамлекеттин көзөмөлүндө жаңы муунду тарбиялоо максаты коюлган. Муну менен эмнени айткым келет? Дин менен салт эч качан бири-бирине душман эмес, бири-бирин жерибейт дагы. Салттуу

дин менен элдин улуттук наркы бири-бирин толуктап, эриш-аркак жүрүшү керек.

Кыргыз эли эзелтен эле ислам дини менен кошо кереметтүү адеп-ахлак нормалары, каада-салттары, үрп-адаттары менен эле жашап келген. Анткени ата-бабаларыбыз карманган жол шариатка каршы келбейт, тескерисинче, кээ бир исламдын элементтерин көркүнө чыгарып турат. Динге жамынып, араб маданиятын жайылтууга же улутчулдукка жамынып ислам динин четке сүрүүгө болбойт. Салттуу дин улуттук каада-салттарыбызды четке какпайт.

Андыктан, “Дин маданиятынын тарыхы” сабагы аркылуу балдарга мектепти бүткөнгө чейин эле улуттук жана диний баалуулуктар окутулуп, мамлекеттин көзөмөлүндө билимдүү, өз жерин аздектеген, өз улутун сүйгөн, анын тутунган баалуулуктарын барктаган, адеп-ахлагы бийик жаңы муунду тарбиялоого зор таасирин тийгизет деген ойдобуз. Балдар кайсы жерге барбасын, өзүнүн улуттук жана диний баалуулуктарын жоготуп алуу коркунучтарына бөгөт коюлат деп ишенем.





**Максүтов Алтынбек Аскарович**
**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри**

Саламатсыздарбы урматтуу “Нарктуу коом-улуттун жүзү” аттуу форумдун катышуучулары! Кийинки муунга ата-бабалардын калтырган мурасы - туу туткан духу, тумар туткан Мекени, көөнөрбөс кенчтей руху, улуттук наркы, акактай таза дили, ыйык туткан тили экени баарыбызга маалым. Ушул түшүнүктөр кыргызды кыргыз кылып кыл чайнаша кырчылдашкан кезеңдерден сууруп чыгып, бүгүнкү күнгө жеткирип отурат. Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун демекчи, улутубуздун мамлекет болуп калыптанышына өбөлгө түзгөн, жаратман элибиз сүйлөгөн улуу тилибиз жөнүндө айтпай койсок болбос.

Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы, эн белгиси. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт. Кыргызстандын эгемен өлкө катары келечегин куруу саясатында экономика, коопсуздук сыяктуу эле мамлекеттик тилдин дагы эбегейсиз мааниси бар. Түпкүлүктүү кыргыз калкынын башка элдерге ассимиляция болуп кетпей, өз каада-салты, нарк-дөөлөтү менен сактап келген анын - эне тили экенин, кыргыздардын келечекте дагы сакталып турушуна ушул мамлекеттик тили кепил болорун ар бир кыргыз жараны түшүнүүгө тийиш.

Ар кандай улуттун башкы байлыгы – анын эне тили. “Эне тилсиз эл карып” дейт. Ошондуктан, “барынан сөз улук”, “оболу сөз жаралган” дешкен байыркы бабаларыбыз. Биздин элибиз башка элдерден айырмаланып, сөздүн кудурет күчүнө, касиетине сыйынып келген, таазим этип келген. Сөз аркылуу элибиздин ата мурасы, акыл-насааты улам кийинки урпактарга өтүп келген. Сөз аркылуу ата-бабаларыбыздын өткөргөн күнү, жашаган жашоосу, көргөн-билгени көөнөрбөс көркөм баянга, ааламга тароочу аянга айланып, ооздон оозго өтүп, муундарында жашап, бизге жетип отурат. Бул сөздөрдүн, сөздөр аркылуу жаралган көөнөрбөс көркөм баяндардын касиети ушунда. Алар тарыхтын тагы түшкөн, келечектин бийик чыккан үнү катары эстетикалык,

этикалык, нравалык, таанып билүүчүлүк, тарбиялык таасир жаратып, табийгый күл азык катары колдонулары баарыбызга маалым.

Мекенибиздин бактысы сөздү сыйлаган, кепти уккан, чечимге моюн сунган эл туш келсе гана ачылат. Себеби ар кими өз ишин билип, улууга урмат, кичүүгө ызаат, азга каниет, барга топук, жокко шүгүр, эмгекке жакын, кашаңга камчы, жаманга сынчы, чек менен чепке сакчы, алсызга жөлөк, алдууга тирек болуп турса гана ийгиликтер жаралат.

Азыркы маалымат технологиялары дүркүрөп өнүгүп, жасалма интеллект жашообузду болуп көрбөгөндөй өзгөртүп жаткан убакта мамлекеттик тилди санарип трансформация кылуу ошончолук актуалдуу маселеге айланууда. Эми, биздин алдыбызда заман талабынан артта калбай, кыргыз тилин андан ары ырааттуу өркүндөтүү менен, толук кандуу мамлекеттик тилге айлантуу милдети турат.

Эгер биз мындан ары өнүгүп-өсөбүз, аалам элинин тутумунда өз ордубузду табабыз десек, тарыхыбызды талыкпастан тактап, эне тилибиздин бир сөзүн кемитпей сактап, бүт ааламга ажайып маданиятыбызды даңазалап, улуттук наркыбызды, каада-салтыбызды, руханий байлыктарыбызды алып чыгышыбыз керек. Бизде мындан башка айкын жол жок.





**Абдырахманов Төлөбек Абылович**
**Кыргыз улуттук университетинин ректору, т.и.д., профессор, Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-корреспонденти**

## Хан бийлигинен нарк артык

Кыргыз Республикасынын Президентинин инаугурациясынан кийин алгачкы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” жарлыгы болуп, аны менен улуттун баалуулугун сактап калуу болгон. Улуттук нарк - биздин элдин миң жылдык тарыхын, элдин сакталышынын жана өнүгүүсүнүн чыныгы себептерин жана шарттарын бекемдейт. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин кыргыз элинде “Хан бийлигинен нарк артык” деген сөздү айтып келишкен, төрт сөздөн сүйлөмдүн маани-маңызы, салмагы оор экенин билсек болот. Улуттук нарк-кыргыз эли пайда болгондон баштап бүгүнкү күнгө чейинки жашоосундагы туура жашоо мыйзамы экенин билебиз. Жогоруда айтылга сөздүн маанисине көз чаптыра турган болсок мамлекеттүүлүк оңой менен келбейт, келсе улуттук деңгээлде трагедия жана эмгекти талап кылат. Ал эми биз билген нарк оңой менен кетпейт, ал улуттун каны менен сиңишип калыптанган. Нарк кетсе келиши мүмкүн эмес, андыктан биздин ата-бабаларыбыздын айткандары боюнча эгемендүү мамлекет менен улуттук нарктын кайсынысын сактап калуу маселеси карала турган болсо, улуттук нарктын тандашкандыгы талашсыз. Нарк деген бир улуттун каада-салты, тарыхы, ырым-жырымы, маданияты, көнүмүш адаттары, керек болсо улуттун жашоосу десек болот.

Бүгүнкү күндөгү коомчулукта улуттук нарктын жетишсиздиги улуу муун өкүлдөрүнө аттын кашкасындай көрүнүп тургандыгы байма-бай айтылып келет. Чынында каада-салт, тарых, үрп-адат, маданият, ошондой эле тил маселесине келгенде бүгүнкү коомдун кайдыгерлигин баарыбыз байкап турабыз. Чынында улуттук баалуулук деп кыргыз элинин жашоо турмушунун жазылбаган мыйзамдары, мисалы: “Улууга урмат, кичүүгө ызат”, “Керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук” деген сыяктуу накыл сөздөрдүн маани-маңызын түшүнүү менен бүгүнкү күндө да колдонуп

келебиз. Тарыхыбызга көз чаптыра турган болсок кыргыз этнониминин эскерилиши менен бүгүнкү күнгө чейинки басып өткөн жолубуздагы калптанган наркыбыздын орду чоң. Улуттук нарк адам төрөлгөндөн тарта кайтыш болгонго чейинки аралыкта ырым-жырымдарды кантип колдонгондорун жана кандай каада-салт менен жашоону сүрүш экени калптанган. Мисалы: бала төрөлгөндө ат коюу, тушоо кесүү, бир аз чоңойгондо сүннөткө отургузуу, үйлөнтүп же болбосо турмушка берүү жана акыркы сапарга узатуу да нарктын негизинде жүрөт.

Улуттук наркыбыздагы каада-салт, үрп-адат жана ырым-жырымдардын ичинен кылымдар бою калптанып келген үрп-адат жөнүндө чечмелей турган болсок, үрп деген бул “үрптү билген жигит айттырбай туруп келген коноктун атын алып, ээр-токумун, жүгөнүн шыпырып, буттарын тушап, жайлоого чыгарат”, “үрптү билген бала ата-энесинин ортосуна сүзүп сөз сүйлөбөйт”, “үрптү билген кыз-бала айттырбай иш баштайт” ал эми адатта “боз үйдү дөңчөгө тигет”, “адатта сууну өйдөдөн кечпейт”, “адатта улууну төргө чыгарат”, “адатта сыйлуу устаканды кадырлуу, сыйлуу, улууга узатат” ошондой эле кыргыздын каада-салтында ата-баласына, баласы атасы үчүн жооптуу экенин, биздин наркта аябай көңүл бурулат, буга бир мисал “Жамандын атасын төө үстүнөн ит кабат” дейт, атасын сыйлай албаган бала коомдун ийриси экенин, мамлекеттин алсыздыгы деп кыргыз наркында таамай белгиленип келген, ошондой эле, “Баласы жакшы чыкса атасын төргө жетелейт, баласы жаман чыкса көргө сүйрөйт дешкен” бул кандай таамай айтылган сөз, ошондой эле “Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” наркын билбеген эл эгемендүүлүктөн кол жуушат дешкен. Жогоруда айтылып кеткендер кыргыз элинин жашоосунда улуу муундардын арасында колдонулуп келүүдө. Эгемендүү өлкөбүздү сактап калуу бир гана улуттук наркты бекем тутушубуз керек экенин, кантип жана кандай жол менен иш алып барышыбыз керектигин бизге чейинки ата-бабаларыбыз көрсөтүп, калтырып кеткен. Күнүмдүк жашоодогу каада-салтты, ырым-жырымдарды, макал-лакаптарды жана ошондой эле кыргыз тарыхыбызды билүүбүз кажет.





**Мамыров Шамшибек Сабырбекович**
**Милициянын көчмө кабылдамасын колдоо ассоциациясынын директору, экономика илимдеринин кандидаты, милициянын отставкадагы полковниги**

## Нарк улуттун келечеги

Нарк, каада-салт, үрп-адат деген эмне? Албетте, булардын баары күндөлүк турмушубузда эзелтеден бери жашап келет, жашап келген жана да жашай бермекчи. Анткени түптүү элибиз, элдик каада-салттарыбыз, наркыбыз, үрп-адаттарыбыз бар, ошондой эле элибиз менен бирге жашай бермекчи. Улуттук нарк адамзаттын руханий казынасынын кайталангыс табылгасы болуп саналат. Ал улуттук-этникалык маданияттардын көп түрдүү биримдигинен түзүлөт. Жаратылыштагы био ар түрдүүлүк сыяктуу эле адамзат коомундагы социомаданий ар түрдүүлүк да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондон улам, ал жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирип, этностор ортосундагы ынтымакты бекемдеген күчкө ээ.

Дүйнөлүк ар кандай чакырыктар баш көтөрүп, көптөгөн экологиялык жана техногендик коркунучтар күч алган азыркы заманда кыргыз эли дүйнөлүк ааламдашуу агымына өз жүзүн жоготпой, нукура улуттук салт-санаасы, улуттук нарк-насили, ата-баба табериги менен кошулууга тийиш. Ансыз көптөгөн асыл нерселерибизден ажырап калган болобуз. Мен өзүм кыргыз тарыхына кызыккан жаран катары айтарым, улутту улут кылган, улут укуругун узартып, улут наркын арттырган үч нерсе бар: Тарых! Тил! Маданият!

Ушул үчөө өз ара эриш-аркак жуурулушканда, нечен кылымдар кыйырынан муундан-муунга таберик болуп келаткан ата-баба тарых-таржымалы менен салт-санаасы, акыл-насааты менен адеп-ахлагы келечекке ак кызматын үзгүлтүксүз өтөй алат. Ата-баба салтын тутпаган, наркын күтпөгөн адам баласынын арымы кыска, келечеги бүдөмүк болору анык.

«Устаранын мизинде оодарылган дүнүйө» деп Арстанбек акын айтмакчы, азыр дүйнө өзгөрүп жатат, биз дагы жакшы жагына өзгөрүшүбүз керек, ансыз

болбойт. Биздин алдыбызда эң опурталдуу төрт коркунуч турат: босогодо сагалап турган дүйнөлүк согуш, дүйнөлүк климаттын кескин өзгөрүшү, экологиялык кырсыктар, техногендик апаттар. Ал келечекте адам баласы жашайбы же жашабайбы деген маселени кабыргасынан коюп салды. Такаат бере алар бекенбиз?

Дүйнөдө тарыхый таржымалы биздикинен да кыйла узак элдер бар, бирок 30 кылымдан ашуун “кыргыз” сындуу өзүнүн көөнө атын сактап келген калк чанда, жокко эсе десек да болот. Андан бери дүйнөдө канчалаган ири империялар кыйрады, канчалаган элдин мамлекеттүүлүгү жоюлуп, өзүнүн улуттук иденттүүлүгүн жоготту, эне тили өлүү тилге айланды. Азыркыдай ааламдашуу доорунда кыргыз сындуу чакан калкты анын кесепетинен улуттук эс-тутум гана сактай алат.

Өөдүк-сөөдүк сүйлөгөндөн башкага жарабаган, эзели кургак сөз менен куру убададан арылбаган, өз алдынча акыл тегерете албаган, күнүмдүк жашоодо чабал адамдар менен өнүккөн өлкөнү куруу мүмкүн эмес. Кыргызстандын бакубат келечеги – дени сак, акылы тунук, ак-караны ажырата билген, ар-намыстуу жана кайраттуу жарандардын колунда экенин билүү барынын эле колунан келе бербейт. Андыктан кыргызда “Ырыс алды - ынтымак” деген сөздүн маанисин түшүнүү баарыбызга белгилүү. Биз буга чейин чачкын жана чаржайыт болуп келген улуттук идеологиябызды ордуна коюу аракетин жасап жатабыз. Башкы максат – Кыргызстандын аймактык бүтүндүгүн сактоо, коомдун жашоо-турмушун турукташтыруу, өлкө коопсуздугун камсыз кылуу, өлкө экономикасын ар тараптуу өнүктүрүү, калк турмушун жакшыртуу, ошондой эле илим-билимдүү, таалим-тарбиялуу, дени сак муундун өкүлдөрүн өстүрүү. Ушуну менен улутубуздун келечек тагдырын ачык-айкын талкуулай турган дагы бир жалпы элдик аянтча түзүлдү десек болот. “Беш манжа бөлөк -билек бир, беш адам бөлөк- тилек бир” дейт, анысы кандай, биздин билегибиз, тилегибиз дагы бир кишилерденбиз, бир улуттанбыз.





**Маматазизова Нурия Кубанычбековна**
**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Академиясынын башчысынын орун басары, юридика илимдеринин доктору, доцент, милициянын полковниги**

Саламатсыздарбы урматтуу “Нарктуу коом-улуттун жүзү” жаштар форумунун катышуучулары!

Көп жылдар бою Ички иштер министрлигинин Академиясы укук тартибин сактоо жаатындагы билимдин жана тажрыйбанын пайдубалын түзгөн, укук коргоо тармагындагы кадрларды даярдоодо жана илимий изилдөөдө негизги ролду ойногон окуу жай. Ааламдашуу доорунда заманбап талаптарга жооп берүүчү ийгиликтүү ишмердүүлүгү, профессордук-окутуучулук курамдын ишке болгон ийкемдүү жана чыгармачылык мамилесинин натыйжасында өлкөнүн жогорку окуу жайларынын арасындагы лидерлердин бири катарында жаштар арасында чоң абройго ээ болгон ИИМдин Академиясында, кылымдар бою калыптанган, атадан балага, укумдан тукумга берилип келе жаткан, элибиздин өзүнө гана таандык болгон улуттук наркын аныктоого, изилдөөгө жана жайылтууга багытталган бул форумдун өтүп жатканы кубандырбай койбойт.

Улуттун тарыхый таржымалын иликтөө, элдик каада-салттарды жандандыруу, үй-бүлө институтун сактоо сыяктуу олуттуу маселелер алдыбызда турганда, жапа тырмак киришип, кыргыз элинин кылымдарды карытып келе жаткан өзүнүн салттык түптүү, каны-жаны менен бүткөн нарк-насилин жаш муундарга үйрөтүп айта жүргөнүбүз туура деп ойлойм.

Кээ бир мезгилдерде башка бир элден түзүлгөн атайын күчтөр, атайын иш-аракеттер тарабынан жергиликтүү элге каада-салтты колдонууга тыюу салынып, улуттук нарк - «эски замандын калдыгы», «зыяндуу, керексиз» делинип атайын унуткарылган учурлар болбой койгон эмес. Убагында ушул маселелер өтө орчундуу болуп, заманыбыздын улуу жазуучусу, даанышманы Чыңгыз Айтматовдун да көңүл борборунда болуп келген. Ал өзгөчө совет доору менен кошо келген этномаданиятыбыздагы өзгөрүү, бурмалоолорду даана көрө билип, ага жараша өз көз карашын, пикирин чыгармаларында берип кеткен.

Кыскача айтканда, кыргыз эли өзүнүн кылымдарды карыткан тарыхында, бул жарыкчылыкта адам болуп, атуул, жаран болуп жашоого жол көрсөткөн моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн, адептик-ыймандык нарктардын бүтүндөй бир системасын иштеп чыккан. "Чоң аталардын жана чоң энелердин наркы күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багытталган. Тарыхый тажрыйба адам пендесинин турмушундагы жаңылыкка караганда, ар дайым кайталанып, кайра келип турган түбөлүктүү, түптүү нерселер көбүрөөк экенин күбөлөп турат. Мына ошондуктан, жаңылыктардын артынан кубалайм деп отуруп, кылымдап калыптанган "ак чач" нормаларды, эрежелерди унутуу опурталдуу экенин эскерткибиз келет" деген терең ой эске түшөт.

Биздин алдыбызда азыртадан мына ушундай жоболоңдуу жосундардан арылуу милдети турат. Алардын баары убактылуу нерсе экенин убакыт көрсөттү. Акыры анын баарын кимдир бирөө тарабынан таңууланбаган, тээ көңүл түпкүрүнөн сызылып чыккан элдин адеп-ахлактык эрки, руханий күч-кубаты жеңет деп ишенем.

